| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br><br>ТҮП РАЙОНУ<br>ТҮП АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br><br>ТЮПСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА ТЮП |
|---|---|

**Түп айылдык кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**XXX – сессиясынын ТОКТОМУ**

2024-жылдын 29-августу **№ 258** Түп айылы

**Манас көчөсүндөгү мончонун артынан жол ачуу боюнча**

Түп айылынын тургуну Кундузалиева Жаннанын Түп айылынын Манас көчөсүндөгү коомдук мончонун артынан көчө салдыруу боюнча кайрылуусун карап чыгып Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" №123 Мыйзамынын 34-беренесинин 1-пунктунун негизинде Түп айылдык кеңешинин XXVIII- чакырылышынын 2024-жылдын 2-июлундагы XXX - сессиясы **токтом кылат:**

1. Түп айылынын жаңы бекитилген башкы планынын негизинде Түп айылынын Манас көчөсүндөгү коомдук мончонун артына көчө ачууга уруксаат берилсин.

2. Түп айылынын Манас көчөсүндөгү коомдук мончонун артынан көчө салдырууга жер тилкесин аныктап берүү менен иш кагаздарын даярдоо жагы Түп айыл өкмөтүнүн жер адистерине милдеттендирилсин.

3. Бул токтомдун аткарылышын камсыздоо жана ишке ашыруу жагы Түп айыл өкмөтүнүн башчысына милдеттендирилсин.

**Төрайым** **Орозбекова А.О.**